# ЧҮЙ ОБЛУСУБУЗГА - ТОКСОН ЖЫЛ

*Айткым келди баяндап,*
*Өзүп өнгөн жеримди.*
*Ашмара, Мерки аягы,*
*Айтылуу эки Кеминди.*
*Ар жагы жайлоо Кок-Ойрок,*
*Алматыга керилди..*

Акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү болгон Осмонкул Бөлөбала уулу айткандай, Кыргызстандын жер сорусу болгон Сары-Өзөн Чүй өрөөнүнүн облус болуп жаралганына үстүбүздөгү жылы токсон жыл толуп олтурат. Адегенде 1926-жылы Чүй облусу, Чүй кантону деген жаны ат менен алгачкы жолу Кыргызстандын тарыхында биринчи болуп уюшулган.

Революциядан кийин Чүй өрөөнү Түркстан АССРинин Жети-Суу облусуна караштуу Бишкек уездине кирип, борбору Бишкек шаары болгон. 1925-жылы Кыргыз Автономиялык Областы түзүлгөндө азыркы Чүй облусу Бишкек округу аталып, ал Бишкек жана Олуя-Ата уездеринен турган. 1926-жылы округ кантонго айландырылгандыктан Бишкек округунун ордуна Чүй, Фрунзе кантондору уюштурулган. 1928-жылы республиканын административдик бөлүнүшүнө өзгөртүүлөр киргизилип, кантондордун ордуна райондор уюштурулуп, Борбордук Аткаруу Комитетине жана Кыргыз АССРнин Эл Чарба Комиссариатына баш ийген. Мындай көп баскычтуу административдик башкаруучулук төмөнкү баскычтагы бийлик органда-


NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES OF THE KYRGYZ REPUBLIC

0000413

жылы Чүй облусу кайрадан түзүлүп, ага Аламүдүн, Ысык-Ата, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй райондору, Токмок жана Кара-Балта шаарлары баш ийген. Борбору Бишкек шаары болгон. Жарым жылдай облустук компартия комитети уюшулуп, андан кийин шаардык, ра-



абалынын ылайыктуулугунан, жер бетинин түздүгүнөн, топурак-климаттык шартынын жагымдуулугунан улам жашоо тиричиликке өтө ыңгайлуу экенин анын табият компоненттери жана байыртадан берки барандуу тарыхы айкын далилдеп турат. Совет бийлигинин аркасы менен Чүй облустун жаралышы, көптөгөн жаңы жаралууну пайда кыла баштады. Кыска мөөнөттө, тегирмендер, жыгач иштетүүчү цехтер, май сыгуучу жана пиво кайнатуучу заводдор, кенаф фабрикалары ишке кирише баштады. Экинчи беш жылдыктан баштап, обулустун өсүү темпи жогорулап, көптөгөн чакан ГЭСтер, кийим тигүүчү фабрикалар, Кара-Балтадагы кант заводу жана башка башка өнөр жайлары өнүгө баштады.

Айрыкча, сабатсыздыкты жоюу, илим, билимге умтулуу аракеттери, угуп көрбөгөндөй денгээлге жетти. Демилге көтөрүлүп, мектеп куруу, окуучуларга керектүү китеп, дептерлер, элдин өздөрү чогултуп жатты. Кыска мөөнөттө адамдардын көпчүлүгү окуганды, жазганды үйрөнүп калышты. Мындай жетишкендик дүйнөнүн бир дагы өлкөсүндө кайталана элек.

Совет өлкөсүнүн дүркүрөгөн өсүш мезгилине каргаша болуп, Улуу Ата Мекендик согуш башталып, ага Фрунзе облусунун тургундары дагы

казуу иштеринде, темир жол курууда, жанталашып иштешти.

Кирген дайра токтобойт дегендей, кан күйгөн согуштун мезгилинде, 1940-жылы башталган Чоң Чүй Каналынын курулушу басандамак түгүл күчөп, иштегендердин саны отуз беш минге жетти. Согуш убагында Лебединовкада, Шамшы суусунда ГЭС, Кара-Балтада химфармзавод, Ак-Түздө



Тоо кен комбинаты, Новотроицкиде машина куруу заводу, Токмокто, Беловодскиде, Новотроицкиде кант заводдору иштеп калды. Айыл чарба жу-

рын оперативдүү башкарууга тоскоол болгон.

1930- жылы кезектеги административдик кайра бөлүштүрүү жүргүзүлүп, райондук системага өткөн. Мурдакы округ, кантондордун ордуна республикада 24 район түзүлүп, Кыргыз АССР БАКына тике баш ийген. Чүй өрөөнүндө алты район түзүлгөн.

1939-жылы 21-ноябрда Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Указы менен Фрунзе облусу кайрадан түзүлүп, борбору Фрунзе шаары болгон. Жалпы аянты 25993,4 км-2, калкы 481662 миң адам. Шаарлары Фрунзе, Токмок, шаарчалары, Кара-Балта, Кант, Балыкчы, Ак-Түз, Биринчи Май, Кызыл Октябрь, райондору: Киров, Ленинополь, Талас, Буденный, Калинин, Сталин, Сокулук, Ворошилов, Кант, Чүй, Кемин, Балыкчы болгон.

1944-жылы Фрунзе облусунда Кызыл–Аскер, Петровка, Панфилов, Ивановка, Быстровка райондорун уюштурган. Ошол эле жылы Фрунзе жана Жалал-Абад облустарынын эсебинен Талас облусун ачып, ага Талас өрөөндөгү төрт районду бөлүп беришкен.

1952-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Суусамыр өрөөнү Фрунзе облусуна карап, отуз жылдан кийин кайрадан Жумгал районуна өткөрүлгөн. Суусамырлыктардын тынымсыз арыздануусунан он төрт жыл өткөндөн кийин, алар кайра Чүй облусунун Жайыл районуна тийиштүү болгон.


1959-жылы Фрунзе облусу жоюлуп, шаар, райондору түз республикалык башкарууга өткөн.. Отуз бир жылдан кийин Республиканын Жогорку Кенешинин чечими менен 1990-





йондук Кенештерге башкаруу бийлиги өткөрүлгөн.

1991-жылы жазында Чүй облустук кеңешине шайлоо болгон. Бир жылдан кийин жаны Конституцияга ылайык башкаруу иштери, депутаттык Кенештен Чүй облустук мамлекеттик администрацияга өткөн.

Чүй облусу өзүнүн географиялык



активдүүлүгүн көрсөтүштү. СССР мамлекетинин жүрөгү болгон Москва шаарын коргоодо, Панфилов дивизиясындагы, Фрунзе облусунун




багынбас баатырлары Д.Шопоков, И.Пономарев, А.Романютин, Пантелеевдер «Советтер Союзунун Баатыры» ардактуу сыйлыгына ээ болушту. «Фрунзе» облусунун жигиттери бардык фронттордо жана аябаган согушта эрдиктерин көрсөтүштү.

Тыл жакшы иштебесе, фронтто жеңиш болбоосун түшүнгөн Чүйлүктөр айыл чарбасындадагы зор ийгиликтерди жаратып, согушка тамак-аш, кийим-кечелерди жөнөтүп жатышты. Ата-бабасы өмүрү укпаган, сексен минге жакын кыргыз-жигиттерибиз, Уралда, Кузбасс, Караганды, Куйбышев шаарларындагы заводдордо, кен муштары дагы көтөрүлүп жатты.

Абайлап салыштырып караганда, тылда - фронттон кем эмес «салгылашуулар» болуп жатты...

Согуш убагында, Чүйлүктөр фронтон жарадар болгондорду, эвакуациядагы балдар, аялдарды, сүргүнгө айдалган кавказ улутундагы элдерди батырып, колдон келген жардамдарын «адатынча» аянышкан жок.


Улуу жеңишке жетишкен совет эли катары Чүйлүктөр дагы эл чарбачылыгында жеңиштерге жетишип жатышты. Айрыкча, кант кызылчасынын түшүмүн өстүрүүдө Чүйлүктөр СССР-де биринчи орунду камсыздап, З.Кайназарова, Н.Дорошенко, П.Бирюков, Е.Базавлюк, И.Козлов, К.Шопокова, К.Сулайманова, П.Чмырь, А.Чернецова, «Социалистик Эмгектин Баатыры» деген асыл наамга ээ болушту. Көптөгөн эмгектин новаторлору ордендердин, медалдардын кавалерлери болушту.

Жүз чакырымга созулган, «Чыгыш Чүй Каналы» 1958-жылы толук курулуп бүтүп, тоо этегиндеги Кемин, Чүй, Ысык-Ата, Кант, Аламүдүн райондорунун сугат иштери жакшырып, түшүмдүүлүк кескин жогорулады.

Өткөн кылымдын аягында Республика боюнча машина куруунун 79, курулуш материалдарын өндүрүү 50, өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүнүн 28,6 пайызы Чүйлүк райондор менен шаардыктарга туура келген. 2015-жылы республикадагы өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнө карата Чүй облусундагы продукциясынын салыштырмалуу салмагы 39,1 % түздү. Ошону менен бирге Чүй облусунда 2015–жылда 124 ири ишкана ишке кирип, 3398 иш орундары түзүлгөн.

Айыл чарбасында өсүш болуп, жалпы айыл чарбасынын кирешеси өткөн жылы 51231 млн сомга жетти. 2015-жылы үч мектеп, он жети бала бакча курулуп пайдаланууга берилди. Быйылкы жылы дагы облус боюнча 13 жаңы мектептин курулушу Республикалык бюджеттин эсебинен пландаштырылууда, бала бакчалар, спорттук залдарды курууну улантабыз. Облусубуз боюнча орточо айлык 11421 сомду түзөт, пенсияны убагында төлөйбүз.

Чүй облусу көп улуттуу ынтымактуу журт. Алардын кандай даражада



Постановление

Президиума Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета

"Об административном делении Автономной Киргизской Области."

Президиум Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета постановляет:

экендигин биргелешип иштеген жеринен, облустук элдердин Ассамблеясында жаңы жылды, Нооруз жана Жеңиш майрамын, эгемендүүлүк күнүн, үйлөнүү тойлордогу салтанатынан бааласа болот. Келечекте, жакшы саамалыгыбызды «Ырыс алды Ынтымак» деген программаны уланта бермекчибиз...

«Касиеттүү жер, касиеттүү адамдарды жарата» дегендей. Сары – Өзөн

Кондучалованын ысымдарын терең урматтоо менен атагым келип турат.

Кыргыз исскуствосун Союздук жана дүйнөлүк аренага алып чыккандар: «СССР Эл Артисттери» Абдылас Малдыбаев, Сайра Кийизбаева, Бүбүсара Бейшеналиева, Бакен Кыдыкеева, Даркүл Күйүкова, Асанкан Жумакматов, Артык Мырзабаев, Сүймөнкул Чокморов, Самарбүбү Токтакунова, Токтоналы Сейталиев, Хусеин Мухтаров, Кайыркүл Сартпаева менен сыймыктана алабыз.

Республиканын илимин өркүндөткөн академик корифейлерден Болот Юнусалиев, Бегималы Жамгырчинов, Какиш Рыскулова, Кайып Оторбаев, Салморбек Табышалиев, Мырзабек Иманалиев, Санжарбек Данияров, Яков Бочкарев, Арстанбек Мурзалиев, Какин Сулайманкулов, Арстанбек Алтымышев, Рысбек Садыков, Турар Койчиев, Шарипа Жоробекова, Зарыл Бакасова, Кушбек Усенбаев, Мамыт Усубакунов, Аскер Турдукуловдорду атап кетүү зарыл.

Кыргызстан мамлекет болуп калыптанышына, өсүшүнө, адабият менен искусствосунун гүлдөшүнө салым кошкондордун алгачкыларына токтолуп өттүм... Эми биринчилерге токтолоюн...

- Кусеин Кольбаев-биринчи инженер, Ишенбай Абдраимов-биринчи летчик, Султаналы Самсалиев-биринчи СССР Куралдуу Күчтөрүнүн генералы, Тобокел Мамыров-биринчи СССР спортунун мастери, Каныбек Осмоналиев-биринчи оор атлетика боюнча олимпиаданын, төрт жолку дүйнөнүн чемпиону, Абдрахман Алкучак уулу –биринчи элчи, орус императору Екатерина II жиберген элчилердин башчысы (1739-1789). Турдалы Токбаев -1924-26ж. Кара-Кыргыз Автономия облусунун Моск-

не деген таланттуу, акылман, мекенчил инсандарды бербеди... Кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөгөн, Кыргыз тарыхында алтын тамгалар менен жазылган аталарыбыз: Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жайнак Садаев, Ташмуканбет Кудайбергенов, Канат Дербишев, «Эркин-Тоо» газетасынын биринчи номерин Ташкентте даярдоого катышкан, кыргыз жаз маадабиятынын атасы аталган, «Социалистик Эмгектин Баатыры» академик Аалы Токомбаев, гений-талант Алыкул Осмонов, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары Кубанычбек Маликов, Насирдин Байтемиров, Абдрасул Токтомушев, Токтоболот Абдымомунов, Мукаш Абдраев, Насыр Давлесов, Жалил Садыков, Өскөн Даникеев, Майрамкан Абылкасымова, Акбар Рыскулов,жана башкаларды кошууга болот.

Гүлдөгөн Совет доорунда жана эгемендүүлүктүн тушунда, мамлекетибиздин чыгаан кызматкерлеринен: Шадыкан Иманалиевдин, Акматбек Сүйүнбаевдин, Султан Ибраимовдун, Арстанбек Дуйшеевдин, Жумабек Асанкуловдун, Апас Жумагуловдун, Алиаскар Токтоналиевдин, Жумабек Ибраимовдун, Александр Железновдун, Сакен Бегматованын, Кулуйпа вадагы тунгуч өкүлү, К.Кулматов-биринчи элчи, СССРдин чет өлкөлөргө жиберген ишенимдүү адамы.

Токсон жылдык юбилейибизди бийиктиктен карасак: адеп облустун жаралышы, коллективдештирүү убагы, репрессия мезгили, адамзаттын тарыхы билбеген экинчи дүйнөлүк согуш жана талкалангандарды калыбына келтирүү учуру, СССР империясынын кулашы.... Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы оор кырдаалдарды басып өтүп, буюрса Республикабыз, анын ичинде облусубуз өсүш жолуна туура багыт алды..

- Чүй облусунун айыл чарбасы, өнөр жайы, курулуш иштери, Тоо кен тармактары жана жалпы экономикасы боюнча Республикада алдынкы орундабыз. Мындан ары, 2016-юбилейлик- «90-жылдыкта», Чүй облусу жаны жетишкендиктерге ээ болоруна толук ишенемин. Анткени, биз байыртадан бери аталарыбыз атап келген «Сары-Өзөндүн» - «Алтын өрөөндүн» чыныгы ээсибиз, ийгиликтерге жетишкенге милдеткорбуз.

**Бактыбек Кудайбергенов,**
**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү.**